*Келдибекова Н.К.*
*Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз улуттук маданият жана искусство университети*

# СОЦИАЛДЫК МАДАНИЙ ИШ–ЧАРАЛАР АРКЫЛУУ БАЛДАРДЫ ТАРБИЯЛОО

*Кельдибекова Н.К.*
*Кыргызский национальный университет культуры и искусств им. Б. Бейшеналиева*

# ВОСПИТАНИЕ ДЕТЕЙ ПОСРЕДСТВОМ СОЦИАЛЬНО-КУЛЬТУРНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ

*Keldibekova N.K.*
*B.Beishenalieva Kyrgyz National University of Culture and Arts*

# EDUCATION OF CHILDREN THROUGH SOCIAL AND CULTURAL ACTIVITIES

**Аннотация:** Макалада социалдык-маданий иш-чаралар аркылуу балдарды тарбиялоонун мааниси жана алардын тарбиялык мүмкүнчүлүктөрү каралат. Азыркы коомдо балдарды ар тараптуу өнүктүрүү жана тарбиялоо маселеси өзгөчө актуалдуулукка ээ болуп жаткан шартта, социалдык-маданий иш-чаралардын балдарды адеп-ахлактык, патриоттук, эстетикалык жана руханий жактан тарбиялоодогу орду талданат. Үй-бүлөнүн, мектептин жана коомчулуктун биргелешкен аракеттеринин негизинде уюштурулган маданий иш-чаралардын тарбиялык мүмкүнчүлүктөрү каралып, алардын балдардын инсандык сапаттарын калыптандыруудагы мааниси аныкталат. Социалдык-маданий иш-чаралар балдардын инсандык өнүгүүсүнө, руханий-адептик баалуулуктарды өздөштүрүүсүнө жана коомдук турмушка активдүү катышуусуна өбөлгө түзөт. Концерттер, көргөзмөлөр, улуттук майрамдар, театрлаштырылган оюндар, адабий кечелер жана чыгармачылык сынактар балдардын кызыгуусун арттырып, алардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө көмөк көрсөтөт. Мындай иш-чаралар аркылуу балдар улуттук маданиятты жана каада-салттарды урматтоого, мекенчилдикке, жоопкерчиликке жана өз ара кызматташууга үйрөнүшөт. Ошондой эле алардын коммуникативдик көндүмдөрү калыптанып, бош убактысын пайдалуу уюштуруу жөндөмдөрү өнүгөт. Макалада социалдык-маданий иш-чаралардын тарбиялык таасири талданып, алардын балдарды ар тараптуу өнүктүрүүдөгү ролу көрсөтүлөт. Натыйжада мындай иш-чаралар өсүп келе жаткан муундун руханий жана социалдык жактан жетилүүсүнүн маанилүү каражаты экендиги белгиленет.

***Түйүндүү сөздөр:*** *социалдык-маданий иш-чаралар, тарбия, үй-бүлө, балдар, адеп-ахлактык тарбия, патриоттук тарбия, социалдашуу, руханий өнүгүү, эстетикалык тарбия.*

**Аннотация:** В данной статье рассматриваются значение и воспитательные возможности социально-культурных мероприятий в процессе воспитания детей. Анализируется роль социально-культурных мероприятий в нравственном, патриотическом, эстетическом и духовном воспитании детей в условиях современного общества, где проблема всестороннего развития и воспитания подрастающего поколения приобретает особую актуальность. Рассматриваются воспитательные возможности культурных мероприятий, организуемых на основе совместных усилий семьи, школы и общественности, а также определяется их значение в формировании личностных качеств детей. Социально-культурные мероприятия способствуют личностному развитию детей, усвоению духовно-нравственных ценностей и их активному участию в общественной жизни. Концерты, выставки, национальные праздники, театрализованные представления, литературные вечера и творческие конкурсы повышают интерес детей и способствуют развитию их творческих способностей. Благодаря участию в таких мероприятиях дети учатся уважать национальную культуру и традиции, воспитывают в себе патриотизм, ответственность и навыки сотрудничества. У них формируются коммуникативные умения и развивается способность рационально организовывать своё свободное время. В статье анализируется воспитательное воздействие социально-культурных мероприятий и раскрывается их роль во всестороннем развитии детей. В результате делается вывод о том, что данные мероприятия являются важным средством духовного и социального становления подрастающего поколения.

***Ключевые слова:*** *социально-культурные мероприятия, воспитание, семья, дети, нравственное воспитание, патриотическое воспитание, социализация, духовное развитие, эстетическое воспитание.*

**Abstract:** This article examines the significance and educational potential of socio-cultural activities in the upbringing of children. It analyzes the role of socio-cultural activities in the moral, patriotic, aesthetic, and spiritual development of children in modern society, where the issue of comprehensive child development and education has become particularly relevant. The educational opportunities provided by cultural activities organized through the joint efforts of families, schools, and communities are explored, and their importance in shaping children's personal qualities is identified. Socio-cultural activities contribute to children's personal development, the assimilation of spiritual and moral values, and their active participation in social life. Concerts, exhibitions, national celebrations, theatrical performances, literary evenings, and creative competitions increase children's interest and help develop their creative abilities. Through participation in such activities, children learn to respect national culture and traditions, develop patriotism, responsibility, and cooperation skills. Their communication skills are enhanced, and they learn to organize their leisure time effectively. The article analyzes the educational impact of socio-cultural activities and highlights their role in the comprehensive development of children. As a result, it is concluded that such activities are an important means of the spiritual and social formation of the younger generation.

***Keywords:*** *socio-cultural activities, education, family, children, moral education, patriotic education, socialization, spiritual development, aesthetic education.*

*Киришүү.* Азыркы коомдо өспүрүмдөрдү тарбиялоо маселеси билим берүү системасынын жана коомдук өнүгүүнүн негизги багыттарынын бири болуп саналат. Глобалдашуу процесстери, маалыматтык технологиялардын өнүгүшү жана социалдык чөйрөдөгү өзгөрүүлөр жаш муундун дүйнө таанымына жана жүрүм-турумуна олуттуу таасир тийгизүүдө. Мындай шартта өспүрүмдөрдүн руханий-адептик баалуулуктарын калыптандыруу, алардын коомдук активдүүлүгүн өнүктүрүү жана социалдык жоопкерчилигин жогорулатуу актуалдуу көйгөйгө айланууда. Мындай шартта балдарды улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын негизинде тарбиялоо актуалдуу маселелердин катарына кирет.

Балдарды тарбиялоодо социалдык-маданий иш-чаралар маанилүү орунду ээлейт. Балдардын билим алуусун толуктап гана тим болбостон, алардын адеп-ахлактык сапаттарын өнүктүрүүгө, жарандык позициясын калыптандырууга жана коомдук турмушка активдүү катышуусуна көмөктөшөт. Социалдык-маданий иш-чаралар балдардын бош убактысын мазмундуу уюштуруунун натыйжалуу формаларынын бири болуп саналат.

*Максаты.* Үй-бүлөдө жана мектепте балдарды адептүүлүккө, патриоттуулукка тарбиялоодо маданий иш-чаралардын ролун аныктоо менен алардын тарбиялык натыйжалуулугун жогорулатуунун жолдорун негиздөө жана социалдык-маданий иш-чаралар аркылуу балдарды тарбиялоонун өзгөчөлүктөрүн изилдөө жана алардын инсандык өнүгүүгө тийгизген таасирин аныктоо.

*Актуалдуулугу.* Азыркы учурда жаштар арасында руханий баалуулуктардын төмөндөшү, интернетке болгон көз карандылык, социалдык пассивдүүлүк сыяктуу көрүнүштөр байкалууда. Мындай шартта балдарды туура тарбиялоо жана алардын коомго пайдалуу инсан болуп калыптануусуна көмөк көрсөтүү үчүн социалдык-маданий иш-чаралардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңири пайдалануу зарыл.

Социалдык-маданий иш-чаралар балдардын инсандык өнүгүүсүнө шарт түзүп, алардын коомдогу ордун аңдоосуна жардам берет. Ошондуктан бул багыттагы илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу бүгүнкү күндүн талабы болуп эсептелет.

Үй-бүлө баланын биринчи тарбия мектеби болуп эсептелет. Кыргыз элинин салттуу тарбиясында балдарды эмгекчилдикке, улууларды сыйлоого, эл-журтка кызмат кылууга үйрөтүүгө өзгөчө көңүл бурулган. Үй-бүлө эң маанилүү социалдык институт болуп саналат жана ал өзүнүн өнүгүү процессинде кандай өзгөрбөсүн, коомдун негизги клеткасы болуу менен өзүнө мүнөздүү социалдык функцияларды уланткан жана сактап келет. Үй-бүлө ар түрдүү тажрыйбаларды жана маданий салттарды сактоодо жана муундарга өткөрүп берүүдө маанилүү роль ойнойт. Бардык башка улуттар сыяктуу эле кыргыздар да үй-бүлө курунуунун башкы маңызы балалуу болуу, аларды багып өстүрүү, адам катарына кошуу деп түшүнгөн. Демек, үй-бүлөдө, ден-соолугу чың, рухий дүйнөсү бай татыктуу адам өсүп жетилиши керек [1, 31-32-бб.]. Ч.Акматова баса белгилегендей, “Үй-бүлө – бул баланын инсан катары калыптанышына эң чоң таасир этүүчү алгачкы чөйрө. Ар бир тарбиялык тажрыйба баланын психикасында из калтырат. Психологиялык жана педагогикалык изилдөөлөр далилдегендей, бала жашоосунун алгачкы беш жылы – анын мүнөзүнүн, дүйнө таанымдын, социалдык жүрүм-турумдун пайдубалы түптөлүүчү мезгил” [2, 81]. Ал эми “Тарбия жараянында үй-бүлө жана коомдук чөйрөнүн ролу” аттуу макалада “Бала төрөлгөндөн тартып акыл-эсин, жүрүм-турумун калыптандырып бой жетилчү мекен – үй-бүлө. Үй-бүлөдөгү моралдык-психологиялык климаттан баштап, үйдөгү ар бир буюм, үй-бүлөнүн ар бир мүчөсү жетилип жаткан балага таасир этүүчү зор күч болот. Үйдөгү тынч, жагымдуу абал көзү ачылып, дүйнө таанып келаткан наристенин балалык, өспүрүмдүк куракты басып өтүп чоң адам болгучакты өсүүсүнө, калыптануусуна оң таасир этет” [3, 9] деп айтылат. Андыктан балдардын руханий жашоосун түшүнүү искусствосу менен катар ата-энелер үчүн ар кандай кырдаалдарда багыт алуу жөндөмүн өнүктүрүү, балага акылдуу түрдө таасир этүүнү түшүнүү маанилүү. Жаш муундарды ар тараптан өнүккөн инсан катары тарбиялоо ар бир коомдун маанилүү милдеттеринин бири болуп эсептелет. Бул процессте үй-бүлө биринчи жана негизги тарбия берүүчү институт катары өзгөчө орунду ээлейт. Баланын дүйнө таанымы, эстетикалык көз карашы, чыгармачылык жөндөмдөрү жана искусствого болгон кызыгуусу үй-бүлөлүк чөйрөдө калыптана баштайт.

Чыгармачылык – адамдын жаңы идеяларды жаратуу, өз алдынча ой жүгүртүү жана көйгөйлөрдү өзгөчө жол менен чечүү жөндөмү. Ал эми искусство баланын эмоционалдык дүйнөсүн байытып, эстетикалык табитин өстүрөт. Ошондуктан үй-бүлөдө чыгармачылык жана искусство

 DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

аркылуу тарбиялоо баланын интеллектуалдык жана руханий өнүгүүсүнүн маанилүү шарты болуп саналат. Ата-энелердин чыгармачылыкка болгон мамилеси баланын кызыгуусунун өнүгүшүнө шарт түзөт. Үйдө сүрөт тартууга, музыка угууга, китеп окууга, ыр ырдоого, бий бийлөөгө жана кол өнөрчүлүк менен алектенүүгө мүмкүнчүлүк түзүлгөн учурда бала өз жөндөмдөрүн эркин өнүктүрө алат.

Искусство баланын эмоционалдык, интеллектуалдык жана эстетикалык өнүгүүсүнө оң таасир берет. Музыка, сүрөт өнөрү, театр, бий жана адабият аркылуу бала дүйнөнү тереңирээк таанып, өзүнүн ички сезимдерин билдирүүгө үйрөнөт.

Музыка баланын угуу жөндөмүн, эс тутумун жана эмоционалдык маданиятын өнүктүрөт. Сүрөт тартуу элестетүүнү, көркөм ой жүгүртүүнү жакшыртат. Театрлаштырылган оюндар жана көркөм окуу сүйлөө маданиятын, чыгармачыл фантазияны жана коммуникациялык көндүмдөрдү өнүктүрөт. Кыргыз элинин каада-салттары жана ырым-жырымдары балдарды адептүүлүккө, улууну урматтоого, кичүүнү сыйлоого, эмгекчилдикке жана мекенчилдикке тарбиялоодо чоң мааниге ээ.

Үй-бүлөдө ар кандай каада-салттарды өткөрүү учурунда балдар улуттук баалуулуктар менен таанышат. Мисалы, бешикке салуу, тушоо кесүү, сүннөт той сыяктуу салттар аркылуу балдар элдин тарыхын, маданиятын жана үрп-адаттарын үйрөнүшөт. Улуу муундун ак батасын угуп, жакшы тилектерди кабыл алуу балдардын руханий дүйнөсүн байытат. Ошондой эле үй-бүлөлүк майрамдарда жана жөрөлгөлөрдө балдарды активдүү катыштыруу алардын жоопкерчилигин жана коомдук жүрүм-турумун өнүктүрөт. Алар конок тосууну, дасторкон даярдоону, улууларга жардам берүүнү үйрөнүшөт. Үй-бүлөлүк майрамдар балдардын ата-энесине, туугандарына болгон сүйүүсүн жана урмат-сыйын күчөтөт. Биргелешип өткөрүлгөн майрамдар үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы байланышты бекемдеп, балдарда коопсуздук жана таандык болуу сезимин калыптандырат.
Акылга, сезимге көп таасир тийгизген берүүлөрдү бирге көрүп, аны балдар менен бирге талкуулап, алардын ойлорун туура багытка буруу керек. Ата-эненин билимдүүлүгү, тажрыйбалуулугу да ушундай талкуу учурда байкалат [6, 192-б].

Азыркы коомдо өсүп келе жаткан жаш муунду адептүүлүккө, патриоттуулукка тарбиялоо эң маанилүү милдеттердин бири болуп саналат. Баланын инсан катары калыптанышында үй-бүлө менен мектеп негизги тарбия берүүчү чөйрө болуп эсептелет. Ушул эки институттун биргелешкен аракетинде маданий иш-чаралар өзгөчө орунду ээлейт. Анткени маданий иш-чаралар аркылуу балдар улуттук баалуулуктарды, каада-салттарды, үрп-адаттарды таанып-билишет, өз элинин тарыхына жана маданиятына урмат-сый менен мамиле кылууга үйрөнүшөт.

Маданий кечелер, майрамдык иш-чаралар, театрлаштырылган көрсөтүүлөр, музейлерге жана тарыхый жайларга саякаттар, көркөм өнөр жана адабият менен байланышкан иш-чаралар балдардын руханий дүйнөсүн байытып, алардын адеп-ахлактык сапаттарын өнүктүрүүгө көмөк көрсөтөт. Ошондой эле мындай иш-чаралар мекенди сүйүү, улуттук сыймыктануу сезимдерин ойготуп, патриоттук тарбиянын натыйжалуулугун арттырат.

Социалдык-маданий иш-чаралар – бул адамдардын коомдук, руханий, маданий жана чыгармачылык өнүгүүсүнө багытталган уюштурулган ишмердүүлүктөрдүн жыйындысы. Алар инсандын коомго аралашуусуна, маданий баалуулуктарды өздөштүрүүсүнө, бош убактысын пайдалуу өткөрүүсүнө жана социалдык активдүүлүгүн жогорулатууга көмөк көрсөтөт.
Балдарды тарбиялоодо үй-бүлө менен мектептин ролу абдан чоң. Маданий иш-чаралар балдардын руханий дүйнөсүн байытып, адеп-ахлактык сапаттарын өнүктүрүүгө жардам берет. Мындай иш-чаралар аркылуу балдар улуттук каада-салттарды, үрп-адаттарды, маданий баалуулуктарды үйрөнүп, өз элинин тарыхына жана маданиятына урмат-сый менен мамиле кылууга тарбияланат.

Үй-бүлөдө ата-энелер балдарды китеп окууга, театрларга, музейлерге, концерттерге барууга үндөп, маданий баалуулуктарга кызыгуусун арттыра алышат. Ошондой эле үй-бүлөлүк майрамдарды, улуттук салттарды өткөрүү аркылуу балдарга жакшы үлгү көрсөтүшөт. Мектеп баланын социалдык жана маданий өнүгүүсүнүн негизги борборлорунун бири болуп саналат. Билим берүү мекемелеринде өткөрүлгөн маданий иш-чаралар окуучулардын таланттарын ачууга жана алардын коомдук активдүүлүгүн жогорулатууга көмөк көрсөтөт.

Мектепте болсо ар кандай маданий кечелер, сынактар, көргөзмөлөр, концерттер жана тарбиялык сааттар уюштурулат. Бул иш-чаралар окуучулардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүп, өз оюн эркин билдирүүгө, коллективде иштөөгө жана коомдук жүрүм-турум эрежелерин сактоого үйрөтөт. Маданий иш-чаралар балдардын руханий дүйнөсүн байытып, улуттук

баалуулуктарды урматтоого, адеп-ахлактык сапаттарды өнүктүрүүгө жана мекенчилдик сезимин калыптандырууга чоң жардам берет.

Азыркы инновациялык жаңылануу доордо ар бир үй-бүлөдө балдарга арналган маданий жана адеп-ахлактык тарбиялоого багытталган иштер жүргүзүүлүсү керек. Бул баланын инсандык өнүгүүсүнө, эмоционалдык туруктуулугуна жана коомдо өз ордун таба билүүсүнө түздөн-түз таасирин тийгизет.

**Үй-бүлө жана китеп окуу маданияты:** *Балдарды кичинекей кезинен баштап китеп окууга кызыктыруу. Биргелешип эл жомокторду же классикалык чыгармаларды, ырларды, балдар адабиятын, кыргыз элинин улуттук тарыхын, маданиятын жана руханий баалуулуктарын чагылдырган эң негизги чыгармаларын, улуттун көөнө тарыхын, каада-салтын жана адабий мурастарын терең түшүнүүгө жардам бере турган китептерди окуп берүү жана анын мазмунун талкуулоо.*

**Үй-бүлөлүк майрамдар, улуттук каада-салттар:** *Кыргыз элинин каада-салттарын, улуттук баалуулуктарын, оозеки чыгармачлыгын жана маданиятын үйрөтүү. Улуттук каада-салттарды, үрп-адаттарды балдарга үзгүлтүксүз тааныштыруу. Үй-бүлөлүк майрамдарды жана маанилүү күндөрү балдар менен чогуу тарбиялык багытта өткөрүү.*

**Үй-бүлөдө балдарды маданият жана искусствого тартуу:** *Үй-бүлөдө балдарды маданият жана искусствого кызыктыруу алардын чыгармачылык жөндөмүн, эстетикалык табитин жана дүйнө таанымын өнүктүрүүгө жардам берет. Үй-бүлө менен театр, музей, сүрөт көргөзмөлөрүнө, музыкалык кечелерге жана тарыхый жайларга барууну салтка айлантуу — балдардын дүйнө таанымын кеңейтүүгө, маданияттуулукка тарбиялоого чоң салым кошот.*

**Үй-бүлө жана эмгек тарбиясы:** *Балдар менен биргеликте үй чарбачылык иштерин аткаруу. Үй-бүлөдө эмгек тарбиясы баланын жоопкерчиликтүү, тыкан жана өз алдынча инсан болуп калыптанышына чоң таасир этет. Баланы кичинекей кезинен баштап үй иштерине катыштыруу эмгекти сыйлоого жана өз милдеттерин аткарууга үйрөтөт.*

Балдардын акыл-эсин, сезимин жана чыгармачылыгын өнүктүрүүгө ата-эненин жана мугалимдердин ролу зор. Жакшы түзүлгөн педагогикалык шарттар, мотивация, көңүл буруу жана сүйүү, баланын ички потенциалын ачууга жол ачат [7, 176-б]. Ар бир үй-бүлө жана мугалим балдардын чыгармачылык иштерин колдошу керек. Балдардын маданий тарбиясынын натыйжалуулугу үй-бүлө менен мектептин тыгыз кызматташуусуна байланыштуу. Эки тараптын биргелешкен аракеттери баланын маданий кызыгуусун туруктуу өнүктүрүүгө шарт түзөт. Ата-энелерди мектептик маданий долбоорлорго, сынактарга тартуу, биргелешкен майрамдарды жана чыгармачылык иш-чараларды өткөрүү оң натыйжаларды берет. Балдарды маданиятка жана искусствого тарбиялоо алардын руханий дүйнөсүн байытып, эстетикалык табитин, чыгармачылык жөндөмүн жана адеп-ахлактык сапаттарын өнүктүрөт.

Балдардын өздүк көркөм чыгармачылыгы – балдардын көркөм чыгармачылыкка шыгын жана жөндөмүн өстүрүү үчүн искусствонун ар түрдүү тармактары ыр-хор, музыка, бий, сүрөтчүлүк, театр өнөрү жана башка уюштурулган класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы иштер [5, 65-б].

Кыргызстандагы ар бир мектепте балдарды азыркы мезгилден тартып адептүүлүккө, ыктыярчылыкка, активдүүлүккө, патриоттулукка чакыра турган социалдык, тарбиялык мааниси чоң иш-чараларды уюштуруп өткөрүү азыркы учурдун талабы.

Мектептердеги көргөзмөлөрдү уюштуруу, мектептин түрдүү майрам, салтанаттарына концерттерге катышуу да балдардагы эстетикалык табитти калыптандырат [4, 111-б].

Мектептерде маданий концерттерди, адабий поэзия кечелерди, жаш калемгерлер сынагын, сүрөт көргөзмөлөрдү, маданият күнүн, улуттук майрамдарды, театрлаштырылган оюн-зооктор, кайрымдуулук акциялары, тегерек столдор, ыр-бий сынактарды жана чыгармачылык конкурстарды өткөрүү менен окуучулардын талантын ачууга, чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө жана өзүнө болгон ишенимин арттырууга жардам берет.

Мектепте ар кандай иш-чараларга даярдануу жана катышуу балдарды тартиптүүлүккө, тактыкка жана эмгекчилдикке үйрөтөт. Даярдануу мезгилинде чоң топ менен иштөө процессинде окуучулар бири-бирин угууга, жардам берүүгө үйрөнүшөт. Ошондой эле маданий иш-чаралар окуучуларды ынтымакка, достукка, жоопкерчиликке жана коомдук активдүүлүккө тарбиялайт. Ар бир өткөрүлгөн маданий иш-чара катышуучулардын жоопкерчилигин жана тактыгын талап кылат. Себеби иш-чара жогорку деңгээлде өтүш үчүн көптөгөн даярдануу иштеринин арты менен ишке

 DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

ашат. Ошол себептен балдардын мекенчилдик сезимин күчөтүп, улуттук маданиятка болгон кызыгуусун арттырат.

Мектептерде жана бала бакчаларда, окуу борборлорунда балдардын жана окуучулардын ата-энелери менен биргеликте майрамдык иш-чараларды биргеликте даярдоо иши бул чоң жоопкерчиликти талап кылат.

Ата-энелерди майрамдык иш-чараларды уюштурууга тартуу аркылуу балдар жоопкерчиликти, уюштуруучулук жөндөмдү жана биргелешип иштөөнү үйрөнүшөт. Алар майрамга арналган ырларды, көркөм айтууну, бийлерди, сахналык көрүнүштөрдү даярдоого, залды жасалгалоого жана ар кандай чыгармачылык иштерге активдүү катышышат. Мындай иш-чаралар ата-энелерге балдарынын жөндөмдөрүн жакындан көрүүгө мүмкүнчүлүк берип, үй-бүлө менен билим берүү мекемесинин ортосундагы өз ара түшүнүшүүнү жана ишенимди бекемдейт. Ошондой эле балдардын өзүнө болгон ишенимин арттырып, коом алдында өз оюн эркин айтууга жана чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүгө жардам берет.

*Корутунду.* Маданий иш-чаралар балдардын руханий дүйнөсүн байытып, эстетикалык табитин өнүктүрүп, адептүүлүк, жоопкерчилик, мекенчилдик, адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырат. Үй-бүлө менен мектеп биргеликте иш алып барганда гана тарбиялык иштердин таасири күчөп, коомго пайдалуу, адептүү жана патриот жаштар өсүп чыгат. Ошондуктан билим берүү мекемелеринде жана үй-бүлөдө маданий иш-чараларды үзгүлтүксүз уюштуруу бүгүнкү күндүн маанилүү милдеттеринин бири болуп саналат.

***Адабияттар:***

1. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы / А.Алимбеков. – Бишкек 1996. – 70-б. (1.06.2026).
2. Акматова Ч.А. ҮЙ-БҮЛӨ ТАРБИЯСЫНЫН ПСИХОЛОГИЯЛЫК ЖАНА ПЕДАГОГИКАЛЫК АСПЕКТИЛЕРИ / Ч.А. Акматова // Эл агартуу. – Б., 2025. – №5. – С. 80-86.
3. Ахматова Ж. У. Тарбия жараянында үй-бүлө жана коомдук чөйрөнүн ролу / Ж. У. Ахматова // Эл агартуу. – Б., 2025. – №5. – С. 8-15.
4. Апыш Б. Тарбия назарияты. Окуу китеби / Б. Апыш. – Ош, 1996. – 142-б.
5. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Кыргыз педагогикасы (энциклопедиялык окуу куралы). – Б.: 2004.–173б. https://new.bizdin.kg/media/books/enclpdia-pedagogy.pdf.
6. Турусбекова А.Э. Балдарга эстетикалык тарбия берүүдө үй-бүлөнүн орду/ А.Э.Турусбекова, К.С.Сейдекулова // И. Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. Бишкек – 2024. – №3/2. – 188-194-б.
7. Табалдиева А., Балдардын акыл-эси, сезими жана чыгармачылыгынын өнүгүүсүнүн ролу/ А.Табалдиева // Научно-методический журнал Вестник Ош ГПУ имени А. Мырсабекова. – 2024 г. – №2. (24). – Т-2.174-178 б.
https://www.researchgate.net/publication/387080926_BALDARDYN_AKYL-ESI_SEZIMI_ZANA_CYGARMACYLYGYNYN_NGSNN_ROLU (1.06.2026).